сынактан четтетилген ж.б.у.с. окуучулардын ордуна башка адамдардын катышуусу мүмкүн эмес.

3.7. Олимпиаданын жүрүшүндө катышуучулар:

- ушул Жобону жана олимпиаданын мектептик, райондук/шаардык, облустук жана республикалык этаптарынын уюштуруу комитеттери жана усулдук комиссиялары тарабынан бекитилген талаптарды сактоого тийиш;

- сүйлөшкөнгө, суроо бергенге болбойт (биринчи 30 мүнөттө гана берилүүчү уюштуруу боюнча суроолордон тышкары);

- жазуулары, предметтери менен алмашууга, ордунан уруксаатсыз турууга, ушул Жобо боюнча тыюу салынган предметтерди (колдонбогон учурда да) жанында алып жүрүүгө: уюлдук телефон, фотоаппаратт, наушниктер, Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар же жок башка электрондук буюмдар, маалымдама китептер, окуу китептер, ар кандай окуу куралдары, шпаргалка жана ушул сыяктуу катышуучуларды башкалар менен тең эмес абалга алып келген башка көмөкчү буюмдарды;

- жазуу иштеринде аты-жөнү, кол тамгасы, мектептин номери же аталышы, белгилер, чиймелер сыяктуу эскертүүлөрдү жасабашы керек;

3.8. Олимпиаданын жүрүшүндө катышуучулар бөлмөдөн администратордун же кезекчинин коштоосунда гана чыга алышат. Мында катышуучу өз ишин администраторго өткөрүп берет, бул жөнүндө атайын протоколго жазуулар коюлуп, бөлмөдөн чыгуу жана кайра кайтуу убактысы көрсөтүлөт.

3.9. Тапшырманы аткарып жатканда катышуучулар жоопторун черновикке жазышса болот, андан кийин негизги ишке жазып алышат. Негизги жазуу көк түстөгү шариктүү калем менен гана жүргүзүлөт. Тапшырмаларды аткарып бүткөндөн кийин катышуучулар черновикти да тапшырыш керек. Бирок негизги ишке гана баа берилет.

3.10. Тур аяктагандан кийин катышуучулар аткарылган тапшырмаларды администраторго беришет, ал аларды тиешелүү протокол менен бирге коддочуга өткөрүп берет.

3.11. Катышуучунун ар бир иш барагын коддоо (иштеги барактардын санын көрсөтүү менен) олимпиаданын биринчи туру аяктагандан кийин атайын бөлүнгөн бөлмөдө коддоочулар тарабынан жүргүзүлөт. Ар бир турда катышуучунун иши жаңы код менен коддолуп, ошого жараша башка кодго ээ болот.

3.12. Эгерде коддоочу катышуучу тыюу салынган жазууларды, эскертүүлөрдү ж.б. жазган болсо, аны олимпиаданы уюштуруу комитетинин

